| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ** |
|---|---|---|

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги тогузунчу сессиясы

ТОКТОМ №9-1

Мундуз айылы                                        2-апрель 2025-жыл

**“Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн<br>ардактуу атуулу” наамын ыйгаруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамын жана айылдык кеңештин Регламентин, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин “Ардактуу атуулу наамын ыйгаруу жөнүндө” 2015-жылдын 4-февралындагы Жобосун негиздеп, татыктуу жарандарды сунуштаган айылдык кеңештин укук, мыйзамдуулук, регламент жана этика маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын кеңешмесиндеги маалыматты угуп жана талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Кызыл-Туу айыл аймагынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө, жаш өспүрүмдөргө татыктуу билим тарбия берүүдө, спорт тармагынын жана руханий жактан өнүгүшүнө зор салым кошкон төмөнкү жарандарга “Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн Ардактуу атуулу” наамы ыйгарылсын:
    - Жороева Нургул Саламбековна - Талаа-Булак айылынын тургуну, №80 К. Төрөмаматов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин мугалими;
    - Икрамов Сүймөнкул Болотович -Кызыл-Сеңир айылынын тургуну, грек-рим күрөшү боюнча эл аралык класстагы Кыргыз Республикасынын спорт чебери.

2. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Төрага**                                        **А.Р. Алимов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги тогузунчу сессиясы

ТОКТОМ № 9-2

Мундуз айылы 2-апрель 2025-жыл

**Акчалуу айылындагы негизги көчөгө ысым ыйгаруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамын негиздеп, Кыргыз Республикасынын 1997-жылдын 25-сентябрындагы №67 “Географиялык аталыштар жөнүндө” мыйзамынын 7-беренесине ылайык, Акчалуу айылынын негизги көчөсүнө Тайлаков Эрматтын ысымын ыйгаруу жөнүндөгү айылдык кеңештин укук, мыйзамдуулук, регламент жана этика маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын отурумунун протоколун негиздеп жана сунушун талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Акчалуу айылынын негизги көчөсүнө Тайлаков Эрматтын ысымы ыйгарылсын.
2. Мындан ары жогорудагы белгиленген көчө Тайлаков Эрмат атындагы көчө деп аталсын.
3. Көчөгө Кыргыз Республикасынын шаар жана айыл жергелеринин өнүгүү процесстеринин талабына ылайык символикасы белгиленсин.
4. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Төрага** **А.Р. Алимов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ** |

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги тогузунчу сессиясы

ТОКТОМ № 9-3

Мундуз айылы 2-апрель 2025-жыл

**Айыл аймактык участкалык шайлоо комиссиялардын сапаттык курамына жана резервине талапкерлерди бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамын, “Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамын негиздеп, Сузак аймактык шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 13-мартындагы чыгыш №7/5 сандуу кайрылуу катын, айыл аймактагы участкалык шайлоо комиссияларынын курамына талапкерлерди көрсөтүү боюнча келип түшкөн протоколдорду эске алып, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат**:

1. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн аймагындагы 13 участкалык шайлоо комиссиялардын курамына жана резервине талапкерлер бекитилсин.

2. Участкалык шайлоо комиссиялардын курамына жана резервине сунушталган талапкерлердин тизмеси Сузак аймактык шайлоо комиссиясына жиберилсин.

3. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Төрага** **А.Р. Алимов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги тогузунчу сессиясы

ТОКТОМ № 9-4

Мундуз айылы 2-апрель 2025-жыл

**Жаңы-Ачы айылындагы № 83 З. Жамашев атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин типтүү имаратын куруугa макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамына ылайык, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 17-мартындагы № 20 сандуу сунуш катынын негизинде, айылдык кеңештин маданият, спорт жана социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын отурумунун протоколун негиздеп жана сунушун талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн Жаңы-Ачы айылындагы № 83 З.Жамашев атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин типтүү имаратын куруугa макулдук берилсин.

2. Мыйзам негизинде керектүү иш кагаздарын даярдоо жагы айыл өкмөттүн тиешелүү адистерине жүктөлсүн.

3. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Төрага** **А.Р. Алимов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги тогузунчу сессиясы

ТОКТОМ № 9-5

Мундуз айылы                                                        2-апрель 2025-жыл

**Мундуз айылындагы № 94 Б. Калымбетов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин типтүү имаратын курууга макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамына ылайык, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 26-мартындагы № 21 сандуу сунуш катынын негизинде, айылдык кеңештин маданият, спорт жана социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын отурумунун протоколун негиздеп жана сунушун талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн Мундуз айылындагы № 94 Б. Калымбетов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин имаратын курууга макулдук берилсин.

2. Мыйзам негизинде керектүү иш кагаздарын даярдоо жагы айыл өкмөттүн тиешелүү адистерине жүктөлсүн.

3. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Төрага**                                                        **А.Р. Алимов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги тогузунчу сессиясы

ТОКТОМ № 9-6

Мундуз айылы 2-апрель 2025-жыл

**Жашасын-2 айылындагы жер аянтын бир багытынан башка багытка которуу жөнүндө**

Жалал-Абад Электр тармактар ишканасынын 2025-жылдын 28-январындагы чыгыш № 01-10/14 сандуу катынын, “Кыргызмамжердолбоорлоо” жерге жайгаштыруу боюнча мамлекеттик ишканасынын Жалал-Абад филиалынын 2025-жылдын 4-мартындагы чыгыш № 01-05/173 сандуу катынын, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 13-мартындагы чыгыш №01-28/389 сандуу катынын негизинде Кызыл-Туу айылдык кеңешинин айыл чарба, архитектура, курулуш, транспорт, экология жана өзгөчө кырдаалдар маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 31-мартындагы отурумунун протоколун талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн Жашасын-2 айылында Сузак-Каду жолунун чыгыш тарабында №34 жана №35 контурларында жайгашкан 0,38 га сугат айдоо жана 0,62 га жайыт жер аянтына 110/35/10 кВ үлгүсүндөгү көмөк чордонун куруу максатында, жалпы 1,0 га жер аянтын “Айыл чарба багытындагы жерлери” категориясынын сугат айдоо жерлери жана жайыт жерлери түрүнөн “Өнөр жайынын, транспорттун, энергетиканын, коргонуунун, байланыштын жана башка багыттагы жерлери” категориясына которууга макулдук берилсин.

2. Ушул токтомду колдоп берүү жагы Сузак райондук мамлекеттик администрациясынан суралсын.

3. Бул токтомдун аткарылышы Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы Д.Бокошовго милдеттендирилсин.

4. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Төрага** **А.Р. Алимов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ** |

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги тогузунчу сессиясы

ТОКТОМ № 9-7

Мундуз айылы 2-апрель 2025-жыл

**Жер аянтын муниципалдык менчикке алуу жөнүндө**

Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы Д.Бокошовдун 2025-жылдын 13-мартындагы чыгыш № 01-28/391 сандуу кайрылуу катынын негизинде, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин экономика, инвестиция, муниципалдык менчик жана ишкердикти өнүктүрүү маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын отурумунун протоколун негиздеп жана сунушун талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн Мундуз айылындагы С. Досуев атындагы көчөсүнүн батыш тарабында жайгашкан узуну 8,0 метр, туурасы 2,0 метр, жалпысынан 16 чарчы метр жер аянты муниципалдык менчикке алынсын.

2. Мыйзам негизинде керектүү иш кагаздарын даярдоо жагы айыл өкмөттүн тиешелүү адистерине жүктөлсүн.

3. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Төрага** **А.Р. Алимов**

<table>
<tr>
<td>КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ</td>
<td></td>
<td>КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ</td>
</tr>
</table>

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги тогузунчу сессиясы

ТОКТОМ № 9-8

Мундуз айылы 2-апрель 2025-жыл

**Жер аянттарын муниципалдык менчикке алуу жөнүндө**

Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы Д. Бокошовдун 2025-жылдын 26-мартындагы чыгыш № 01-28/511 сандуу кайрылуу катынын негизинде, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин экономика, инвестиция, муниципалдык менчик жана ишкердикти өнүктүрүү маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын отурумунун протоколун негиздеп жана сунушун талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн Ак-Баш айылындагы № 908, № 909, № 910, Кызыл-Сенир айылындагы № 1055, Таштак айылындагы № 927, № 929, Бостон айылындагы № 928, Талаа-Булак айылындагы № 979, Мундуз айылындагы № 628, № 973 электр көмөк чордондору жайгашкан жер аянттары муниципалдык менчикке алынсын.

2. Мыйзам негизинде керектүү иш кагаздарын даярдоо жагы айыл өкмөттүн тиешелүү адистерине жүктөлсүн.

3. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Төрага** **А.Р. Алимов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ** |

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги тогузунчу сессиясы

ТОКТОМ № 9-9

Мундуз айылы                                        2-апрель 2025-жыл

**Жер аянтын пайдаланууга макулдук берүү жөнүндө**

Сузак райондук мамлекеттик администрациясынын 2025-жылдын 18-мартындагы чыгыш № 06-1/1491 сандуу катын, Кызыл-Туу айыл аймагында жайгашкан мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү боюнча Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн алдындагы жер комиссиясынын отурумунун 2025-жылдын 25-мартындагы № 1 протоколун, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы Д. Бокошовдун 2025-жылдын 27-мартындагы чыгыш № 01-28/513 сандуу катын, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин экономика, инвестиция, муниципалдык менчик жана ишкердикти өнүктүрүү маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 31-мартындагы отурумунун № 2 протоколун негиздеп жана сунушун талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн аймагындагы Сузак райондук мамлекеттик администрациясынын 2023-жылдын 29-сентябрындагы № 242-б буйругу менен Кызыл-Туу айыл өкмөтүнө мөөнөтсүз пайдаланууга берилген 3-05-07-0033-1209 сыр белгисиндеги жалпы 58,0 га жер аянтынын 30,0 га “Айыл чарба багытындагы башка жерлери” болгон жер аянтын бир жылдык мөөнөткө “Кызыл-Туу кызмат” муниципалдык ишканасынын пайлануусуна берүүгө макулдук берилсин.

2. “Кызыл-Туу кызмат” муниципалдык ишканасынын ишмердүүлүгүн көзөмөлгө алуу Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы Д. Бокошовго жүктөлсүн.

3. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Төрага**                                        **А.Р. Алимов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**<br>**СУЗАК РАЙОНУ**<br>**КЫЗЫЛ-ТУУ**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**<br>**КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ**<br>**АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ** |

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги тогузунчу сессиясы

ТОКТОМ № 9-10

Мундуз айылы 2-апрель 2025-жыл

**Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин**
**2025-жылга бекитилген сметасына өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 28-февралындагы № 122-т тескемесине ылайык айыл өкмөтүнүн аймагында жаңы ачылган балдар бакчасында эмгектенген кызматкерлердин эмгек акыларын жана социалдык фондко болгон чегерүүлөрү үчүн республикалык бюджеттен акча каражаты бөлүнгөндүгүн эске алып, 2025-жылга Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюждетинен жаңы ачылган эки бала бакчанын кызматкерлерине эмгек акы төлөөгө жана социалдык фондко болгон чегерүүсү үчүн каралган 7992,7 миң сом акча каражатты зарыл чыгымдарга сарптоо жөнүндө Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы Э.Жолдошованын билдирүүсүн талкуулап, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесине ылайык, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. 2025-жылга билим берүү бөлүмүнүн эмгек акы беренесинен 6813,4 миң сом, социалдык фондко болгон чегерүүдөн 1179,3 миң сом кыскартылсын.

2. Кыскартылган каражат эсебинен айыл өкмөтүнүн зарыл чыгымдарын каржылоого 7 млн. 992 миң 700 сом акча каражаты № 1 тиркемеге ылайык бекитилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Кызыл-Туу айылдык кеңешинин финансы жана бюджет маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

4. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Төрага** **А.Р. Алимов**

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин
2025-жылдын 2-апрелиндеги
№9 сессиясынын №9-10 токтомунун
1- тиркемеси

Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн бала-бакчаларга каралган каражатты 7992,7 миң сомду, кайрадан бөлүштүрүү.

| № | Иш-чаралардын аталышы | Сумма (миң сом) | Бөлүмү | Берене |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Яма беккари | 600,0 | 70629 | 3111 |
| 2 | Документ иштери үчүн | 880,0 | 70111 | 2215 |
| 3 | Мектептердин таштандыларын чыгаруу үчүн | 270,0 | 70921 | 2215 |
| 4 | Бала- бакчалардын таштандыларын чыгаруу үчүн | 220,0 | 70911 | 2215 |
| 5 | Негизги жолдордогу, талаадагы таштандыларды тазалоого | 360, | 70629 | 2215 |
| 6 | Айыл өкмөтүнүн техникаларын (погрузчик) ондоого | 200,0 | 70629 | 2214 |
| 7 | Өзгөчө кырдаалдар үчүн | 250,0 | 70629 | 2215 |
| 8 | Айыл чарбасын каттоо иш-чараларын жүргүзүү үчүн | 150,0 | 70111 | 2215 |
| 9 | “Алтын уя” балдар бакчасына муздаткыч алуу | 40,0 | 70911 | 3112 |
| 10 | Мектеп, бала-бакчаларга таштанды салуучу урна | 300,0 | 70921 | 3111 |
| 11 | А.Матиев атындагы орто мектептеги музейге КАССА-1000 проектисине айыл өкмөт салымы | 100,0 | 70921 | 3111 |
| 12 | Айылдарга видео көзөмөл орнотуу | 100,0 | 70629 | 3112 |
| 13 | Күтүлбөгөн чыгымдар | 110,0 | 70111 | 2215 |
| 14 | 9-май Жеңиш күнүнө карата эстеликтерди оңдоо, сырдоо үчүн | 90,0 | 70629 | 2221 |
| 15 | Мектеп, бала-бакчаларга жашылдандыруу үчүн көчөттөрдү алуу | 50,0 | 70111 | 3113 |
| 16 | Маданият үйүнө конкурс өткөрүү | 130,0 | 70823 | 2215 |
| 17 | ФАПтардын ремонт иштерине | 80,0 | 70629 | 2221 |
| 18 | Кызыл-Сенгир айылынын таза суусуна | 440,0 | 70629 | 3111 |
| 19 | Ак-Булак, Шатрак, Соку-Таш, Ак-Терек айылдарын таза суу менен камсыздоого суу түтүкчөлөрүн капиталдык оңдоо | 600,0 | 70629 | 3111 |
| 20 | Соку-Таш 5 даана, Бостон 10 даана, Ак-Баш даана, Жаңы-Ачы 10 даана, Көк-Булак 20 даана, айылдарына электр мамычаларын алуу | 550,0 | 70629 | 3111 |
| 21 | Бийиктик, Балалык бала бакчаларына чарба товарларын алуу | 100,0 | 70911 | 2222 |
| 22 | Талаа-Булак, Жаңы-Ачы айылындагы негизги көчөлөрүн жарыктандыруу | 400,0 | 70629 | 3111 |
| 23 | Орто-Азия айылынын “Ай-Шоола” балдар бакчасына жайкы ашкана куруу | 420,0 | 70911 | 3111 |
| 24 | Бостон айылына трансформатор | 300,0 | 70629 | 3112 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | алуу | | | |
| 25 | Таштак айылынын Келдибеков көчөсүнө зым тартуу | 112,7 | 70629 | 3111 |
| 26 | Ак-Баш айылындагы ички көчөлөрүн оңдоо | 200,0 | 70629 | 2221 |
| 27 | Шатрак айылына сугат суу чыгаруу үчүн суу түтүкчөлөрүн алуу | 250,0 | 70629 | 3111 |
| 28 | Балалык балдар бакчасына эмерек алуу | 80,0 | 70911 | 3112 |
| 29 | А.Матиев атындагы орто мектебине парта, стул алуу | 100,0 | 70921 | 3112 |
| 30 | Мектеп окуучуларын спорттук турнирлерге катышуу үчүн тамак-аш, жол кире | 50,0 | 70921 | 2215 |
| 31 | И.Стамкулов атындагы орто мектебинин жылытуу системасын оңдоо, интернет орнотуу | 70,0 | 70921 | 3111 |
| 32 | Орто-Азия, Бостон, Ак-Баш, Кызыл-Сенгир, Жаңы-Ачы, Мундуз, Жашасын 2 айылдарына асбест турба алуу | 150,0 | 70629 | 2221 |
| 33 | Аппаратка 1 даана компьютер, 2 даана принтер 3*1, 2 шкаф | 120,0 | 70111 | 3112 |
| 34 | Кызыл-Туу айыл өкмөтүндө айылдар арасында спорттук оюндарды өткөрүү | 70,0 | 70111 | 2215 |
| 35 | Сел канал тазалоо | 50,0 | 70629 | 2221 |
| | **Баардыгы** | 7992,7 | | |

Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы Д. Бокошов

Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн
социалдык-экономикалык
өнүгүү бөлүмүнүн башчысы Э. Жолдошова

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин
финансы жана бюджет маселелери
боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Б. Сайпилла уулу